УДК 37.013.42'018.26-055.52-054.72+378.147:37.013.42
DOI 10.35254/bsu/2024.69.47

***Кудайкулов А.О.***
*К.Карасаев атындагы БМУ,*
*ага окутуучу*

# СОЦИАЛДЫК ПЕДАГОГДОРДУН МИГРАНТ-АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН КЫЗМАТТАШУУДАГЫ КОМПЕТЕНЦИЯСЫНЫН МАЗМУНУ

**Кыскача мазмуну**

Учурдагы Кыргызстанда, эмгек миграциясынын натыйжасында 86 миңден ашык бала туугандарынын камкордугуна калган шартта, социалдык педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгү өзгөчө маанилүү болуп саналат. Илимий адабияттарды жана практикалык тажрыйбаны теориялык жактан талдоо адистердин мигрант үй-бүлөлөр менен иштөөсүнүн негизги багыттарын аныктоого мүмкүндүк берди. Изилдөөнүн жүрүшүндө социалдык педагогдордун ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу компетенциялардын комплекси менен аныкталаары белгиленди: балдарга психологиялык-педагогикалык колдоо, жаңы социалдык шарттарга адаптациялык көмөк көрсөтүү, маданий интеграцияга көмөктөшүү. Маданияттар аралык баарлашуу көндүмдөрүн калыптандырууга жана билим берүү чөйрөсүндө толеранттуулукту өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат. Жыйынтыгында заманбап социалдык чакырыктар шартында мигрант үй-бүлөлөр менен иштөө үчүн социалдык педагогдорду даярдоо системасын өркүндөтүү зарылдыгын көрсөтөт. Бул мигрант үй-бүлөлөрдүн балдарынын адаптациялануу жана социалдашуу процессин сапаттуу коштоону камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

**Түйүндүү сөздөр:** кесиптик компетенттүүлүк, социалдык-педагогикалык колдоо, миграциялык процесстер, психологиялык адаптация, маданияттар аралык байланыш, педагогикалык өз ара аракеттенүү, билим берүү интеграциясы, үй-бүлөлүк тарбия, социалдык чөйрө, кесиптик даярдык.

***Кудайкулов А.О.***
*БГУ им. К.Карасаева,*
*ага окутуучу*

# СОДЕРЖАНИЕ КОМПЕТЕНТНОСТИ СОЦИАЛЬНОГО ПЕДАГОГА В РАБОТЕ С РОДИТЕЛЯМИ-МИГРАНТАМИ

**Аннотация**

В условиях современного Кыргызстана, где более 86 тысяч детей находятся под опекой родственников из-за трудовой миграции родителей, профессиональная компетентность социальных педагогов приобретает решающее значение. Теоретический анализ научной литературы и практического опыта позволил выявить ключевые направления работы специалистов с семьями мигрантов. Исследование показало, что эффективность работы социальных педагогов основывается на компетенциях в области психолого-педагогической поддержки, адаптационного сопровождения в новых социальных условиях и содействия культурной интеграции. Уделяется внимание развитию навыков межкультур-

ной коммуникации и формированию толерантности в образовательной среде. Полученные результаты подчеркивают необходимость совершенствования подготовки социальных педагогов для качественного сопровождения процесса адаптации и социализации детей из семей мигрантов в условиях современных социальных вызовов.

**Ключевые слова:** профессиональная компетентность, социально-педагогическая поддержка, миграционные процессы, психологическая адаптация, межкультурная коммуникация, педагогическое взаимодействие, образовательная интеграция, семейное воспитание, социальная среда, профессиональная подготовка.

***Kudaikulov A.O.***
*K.Karasayev BSU,*
*senior lecturer*

# CONTENT OF COMPETENCE OF A SOCIAL EDUCATIONAL TEACHER IN WORKING WITH MIGRANT PARENTS

**Abstract**

In contemporary Kyrgyzstan, with over 86,000 children under relatives' care due to parental labor migration, social educators' professional competence is crucial. The theoretical literature and practical experience highlight key areas in working with migrant families. The study found that social educators' effectiveness relies on competencies in psychological and pedagogical support, adaptation assistance in new social conditions, and the promotion of cultural integration. Emphasis was placed on developing intercultural communication skills and fostering tolerance in an educational setting. These findings underscore the need to enhance the training of social educators to effectively support children from migrant families amidst current social challenges.

**Keywords:** professional competence, socio-pedagogical support, migration processes, psychological adaptation, intercultural communication, pedagogical interaction, educational integration, family upbringing, social environment, professional training.

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин расмий маалыматына таянсак, акыркы 9 ай ичиндеги чет өлкөгө эмгек мигрант болуп кеткен жарандарыбыздын 86 миңден ашык балдар жакындарынын камкордугуна калтырылган, анын ичинде 72 миңдей баланын (83,7%) ата-энеси өлкөдөн чыгып кеткен.

Эмгек мигранттарынын балдарына карата камкордукка алган тараптан зордук-зомбулук учурларын алдын-алуу жана аныктоо максатында социалдык педагогдордун ата-энелер менен бирдиктүү иш алып баруу маселелери коомчулукта курч бойдон калууда.

Мигранттардын ар кайсы өлкөлөргө тынымсыз агымы кыймылсыз мүлктүн кымбатташына, эмгек шарттарынын, атаандаштыктын күчөшүнө, калктын жашоо деңгээлинин төмөндөшүнө жана башка социалдык көйгөйлөрдүн татаалданышуусуна шарт түзөт. Жогорудагы жүйөлүү себептерден улам биринчи кезекте алардын балдарынын билим алуусунда жана коомдук тарбиянын таасиринен улам, социалдык педагогдордун ата-энелерден сырткары башкалардын камкордугунда калган балдардын көйгөйлөрү келип чыгууда.

Мектеп мигранттардын үй-бүлөлөрүнүн социалдык-педагогикалык маселеле-

рин чечүүдө өзгөчө орунду ээлери шексиз, анткени балдар татыктуу билим алып, жаңы коомго ийгиликтүү көнүшү керек. Социалдык институт катары мектеп аргасыз мигранттардын бир катар көйгөйлөрүн чечүүнүн өзүнүн өзгөчө мүмкүнчүлүктөрүнө жана каражаттарына жараша жүргүзүшөт, анын ичинде үй-бүлөлөрдү психологиялык-педагогикалык колдоо жана коргоо, көп маданияттуу коомдо толеранттуу мамилелерди калыптандыруу, балдарга ачыктыкты тарбиялоо кирет.

Социалдык педагогдор үчүн башка өлкөлөрдө убактылуу эмгектенген ата-энелер менен кызматташып, алдардын балдарына өз алдынча билим берүү жана тарбиялоо маселелери катары натыйжалуу шарттардын болуу зарылчылыгы өтө маанилүү. “Балдарды алар үйрөнө тургандай эмес, өзү каалагандай окутууну зарыл деп эсептеген адам таптакыр акылга сыйбайт” - деп улуу окумуштуу Ян Коменский айткандай, социалдык педагогдор педагогикалык ишмердүүлүктүн негизги аспектилерин эске алуусу шарт [1].

Негизи миграция үй-бүлөгө өтө катуу терс таасирин тийгизет, көпчүлүк өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө миграциянын натыйжасында мындай көрүнүштөр: түшүнбөстүктөр, үй-бүлө ичиндеги карма-каршылыктар, балдарды көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу, жаш балдар арасындагы кылмыштуулуктун күчөшү, үйдө калган чоң ата, чоң энелердин жана башка туугандардын балдарды карай албагандыгы жана башкалар.

Кыргызстандык окумуштуу Калдыбаева А.Т., «кесиптик компетенттүүлүктүн өзүнчө компоненттерин дифференциялуу изилдөө үчүн алардын өзгөчөлүктөрүн теориялык талдоо жана анын жогорку окуу жайларынын педагогикалык процессиндеги калыптанышынын натыйжалуу этнопедагогикалык шарттарын аныктоо зарылдыгын баса белгилейт» [2].

Изилдөөчүлөр Р. Токсонбаев, Г.А. Джумагулова болочоктогу «социалдык педагогдордун профессионалдык компетенттүүлүгүнүн теория жана практиканын биримдигин эске алууну зарыл» - экендиги тууралуу илимий макаласында кеңири баяндалат [3].

«Үй-бүлө менен иш алып барууда, социалдык педагогдордун профессионалдык компетенттүүлүгүн калыптандырууда теория менен практиканын биримдиги чоң мааниге ээ» [4].

Ата-энелердин үй-бүлөдөгү тарбиялык функцияны аткарууга даярдыгынын деңгээлинин олуттуу жогорулагандыгы талашсыз, бул түзүлгөн моделдин натыйжалуулугу жөнүндө сөз кылууга мүмкүндүк берет.

Мигранттардын үй-бүлөлөрү менен иштөө социалдык педагогдордон өзгөчө көндүмдөрдү жана көнүгүүлөрдү талап кылат. Алардын ишмердүүлүгүнүн максаты – мигранттардын балдарын жана алардын үй-бүлөлөрүн коомго интеграциялоо, жаңы социалдык-экономикалык кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам берүү.

Социалдык педагогдор өз иштеринде төмөнкүдөй негизги багыттарды камтыйт:

Адаптацияга жардам көрсөтүү – башкалардын кам кордугунда калган балдар коомдо өздөрүн бөтөн сезишет. Социалдык педагогдор аларга ошол маданиятка жана чөйрөгө ыңгайлашуу процессинде жардам берип, коомдук нормалар жана эрежелер тууралуу түшүндүрмө беришет.

Билим берүүдө колдоо –окуу процесси баштаганда кыйынчылыктарга туш болушу мүмкүн. Социалдык педагогдор окуудагы тоскоолдуктарды жеңүүдө атайын программаларды сунуштап, окуу процессине аралаштырууга аракеттенишет.

Маданий жана улуттук өзгөчөлүктөрдү эске алуу – мигрант ата-энелердин ар биринин маданий өзгөчөлүктөрүн сыйлоо жана түшүнүү маанилүү. Социалдык педагогдор улуттук иденттүүлүктү сактоого жана аны интеграциялоо аркылуу өзүнө болгон ишенимин жогорулатууга колдоо көрсөтөт.

Социалдык педагогдор - миграциядагы ата-энелер менен аралыктан иш-жүргү-

зүү, балдарынын башка чөйрөгө ыңгайлашуусуна жардам берүүдө кыйынчылыктарга туш болушат. Социалдык педагогдор алар менен жигердүү иштешип, билим берүү системасы, балдарынын ар тараптан өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө педагогикалык-психологиялык кызмат көрсөтүшөт.

Ата-энеси миграцияда болгон шартта, өспүрүмдөр бир катар көйгөйлөргө туш болушат: ата-энелик колдоодон ажыроо, эмоционалдык боштук жана социалдык-моралдык колдоонун жетишсиздиги. Бул шарттар балдардын психологиялык абалына жана социалдык өнүгүүсүнө олуттуу таасир этет. Социалдык педагогдорго бул көйгөйлөрдү азайтууга жана өспүрүмдөрдүн коомго ийгиликтүү интеграцияланышына жардам берүү үчүн өзгөчө иш алып баруусу абзел.

Социалдык педагогдор миграциядагы ата энелер менен болгон ишмердүүлүгүндө төмөнкүдөй негизги багыттарды камсыздайт:

**Психологиялык колдоо** – Социалдык педагогдор ата-энелердин эмоционалдык муктаждыктарын, кусалыктарын түшүнүп жана женүүдө колдоо көрсөтүшөт. Атайын кеңеш берүү же топтук тренингдер аркылуу өспүрүмдөрдүн эмоционалдык туруктуулугун сактоодо аралыктан ата-энелер менен байланышуу шарттарын колдонуу .

**Тарбия жана таанып-билүү процесстеринде жардам** – Ата-энелик көзөмөлдөн ажыраган балдар көп учурда окууда кыйынчылыктарга дуушар болушат. Социалдык педагогдор аларга моралдык түрткү берип, алар менен окуудагы жетишкендиктерин жогорулатууга көмөк көрсөтүшөт.

**Жеке жана социалдык көндүмдөрдү өнүктүрүү** – Социалдык чөйрөдө өзүн-өзү алып жүрүү, жоопкерчилик сезими жана достук мамилелерди куруу жаатында машыктыруу.

**Үй-бүлө менен байланыш түзүү** – Ата-энелер миграцияда жүрсө да, аларды балдарынын жашоосуна аралаштыруу үчүн педагогдор байланышты сактап турууга жардам беришет. Заманбап технологиялардын жардамы аркылуу байланышуу, үй-бүлө менен тыгыз кызматташтык балдардын өнүгүүсүндө маанилүү роль ойнойт.

**Коомдук кызматтарга тартуу** – Социалдык педагогдор балдардын социалдык байланыштарын кеңейтүү үчүн коомдук уюмдар, долбоорлор жана иш-чаралар менен кызматташып, өспүрүмдөрдүн коомдогу ордун табууга жардам берет.

Изилдөөчүлөрдүн көз каршында таянсак, педагогика илиминде миграцияда жүргөн ата-энелердин негизги балдарга болгон тарбия маселеси өзгөчө мааниге ээ, мындай шартта балдарга социалдык жана психологиялык колдоо көрсөтүү алардын келечектеги ийгиликтүү жашоосун камсыздоодо төмөнкү аспектилерди өзгөчө эске алуу зарыл:

- өлкөнүн ар кайсы аймактарында мигрант үй-бүлөлөрдүн толук кандуу болушу менен коомдун социалдык жана жеке көйгөйлөрүн чечүү үчүн оптималдуу шарттарды түзүүгө, мигрант үй-бүлөлөдүн жаңы социалдык-маданий мейкиндикке адаптациялоого даярдыгынын жетишсиздиги;
- мигранттардын үй-бүлөлөрүнүн жана алардын балдарынын социалдык-педагогикалык көйгөйлөрүн чечүүдө мектептин социалдык педагогунун потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү менен калктын бул категориясы менен иштөө технологияларынын илимий, теориялык жана практикалык жактан жетишсиз иштелип чыгышы;
- мигранттардын үй-бүлөлөрүнө социалдык педагогдордун профессионалдуу жардам көрсөтүүгө жөндөмдүү жогорку тажырыйбалуу адистерге болгон муктаждык бул багыттагы адистерди даярдоо үчүн илимий-методикалык камсыздоонун жетишсиздиги;
- мигрант үй-бүлө менен социалдык педагогикалык ишти изилдөө темасын тандоо социалдык-педагогикалык иштерди уюштуруу маселесин илимий, теориялык жана практикалык жактан чечүү зарылдыгы [6].

Социалдык педогодордун ата-энелери-

нин үй-бүлөдө тарбиялык функцияны аткарууга даярдыгы түшүнүгүнүн аныктамасынын компоненттерин белгиленет.

Каралып жаткан маселелер актуалдуу педагогикалык аспектисинде үч негизги багытты бөлүп көрсөтүүгө болот: инсандын микросоциалдык чөйрөсүнүн институттук эмес («ачык») чөйрөлөрүнүн тарбиялык потенциалын изилдөө; коомдун социалдык коргоо институттарынын өнүгүү тенденцияларын, функцияларынын өзгөчөлүктөрүн жана алардын ар биринин таасир этүү технологияларын изилдөө; социалдык адаптация жана социалдык жардам, колдоо жана коргоо милдеттерин комплекстүү ишке ашырууда алардын өз ара аракеттенүүсү; үй-бүлөлөрдүн ишмердүүлүгүн жана баарлашуусунан инсандын өнүгүүсүнө тийгизген таасиринин өзгөчөлүктөрүн изилдөө шарт.

Учурдагы билим берүү тутуму жаңы технологиялардын өнүктүрүү шартында кесиптик даярдоого жөндөмдүү жана профессионалдык мобилдүүлүккө ээ болгон жогорку билимдүү адистерге муктаж. Социалдык педагогикалык билим берүүдө маселелерди чечүүгө жөндөмдүү, компетенттүүлүктүн жогорку деңгээлине жана кесиптик стандарттын өзгөчөлүктөрүнө ээ болгон кесипкөй жана чыгармачыл инсан катары калыптанышына жана өнүгүшүнө шарт түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, билим берүү талаасында ата-энелер, мектеп жана социалдык педагогдордун ортосундагы карым-катнаш маданияты чоң мааниге ээ. Мындай кызматташтык өспүрүмдөрдүн окуудагы жана социалдык турмушундагы ийгиликтерин жогорулатуу үчүн зарыл. Социалдык педагогдор жана мектеп менен ата-энелердин байланышын жакшыртуу аркылуу балдардын жекече муктаждыктарын жана кыйынчылыктарын жакшыраак түшүнө алышат. Ошол эле учурда, ата-энелер да балдарынын мектептеги жана коомдогу жүрүм-турумун натыйжалуу көзөмөлдөп, колдоо көрсөтө алышат.

Бул багытта терең академиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү муктаждыгы бар, анткени карым-катнаш маданиятынын педагогика илиминдеги орду жана анын өспүрүмдөрдүн өнүгүүсүнө тийгизген таасири толук изилденип бүтө элек. Педагогика тармагында бул маселе актуалдуу бойдон калып, өспүрүмдөрдүн жалпы өнүгүүсүнө жана социалдык интеграциясына таасир этүүчү маанилүү фактор катары каралышы керек.

## Адабияттар

1. Педагогические идеи Яна Коменского, отца дидактики [Электронный ресурс] // Skillbox Media. – URL: https://skillbox.ru/media/education/yan-amos-komenskiy- kratko-o-pedagogicheskoy-kontseptsii/ (дата обращения: 11.11.2024).

2. Калдыбаева, А. Т. Компоненты структуры профессиональной компетентности учителей / А. Т. Калдыбаева, Г. А. Джумагулова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2016. – № 8-1. – С. 10-13. – EDN: UPJUDO.

3. Токсонбаев, Р. Н. Совершенствование профессиональной компетентности у будущих педагогов общеобразовательных школ КР / Р. Н. Токсонбаев // Вестник Бишкекского гуманитарного университета. – 2015. – № 3-4(33-34). – С. 171-173. – EDN: RIJPJR.

4. Мадаминов, Г. М. Педагогическая культура родителей: содержание, компоненты и критерии / Г. М. Мадаминов // Современная высшая школа: инновационный аспект. – 2018. – Т. 10, № 2(40). – С. 50-55.

5. Кудайкулов, А. Социалдык педагогдорду заманбап үй-бүлө менен карым-катышта иш алып барууга даярдоонун өзгөчөлүктөрү / А. Кудайкулов // Alatoo Academic Studies. – 2023. – № 3. – С. 91-97. – DOI: 10.17015/aas.2023.233.10. – EDN: ROMTMK.